**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Isкhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Isкhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылыш кезектеги 4-сессиясы**

# ТОКТОМ №23

**25.02. 2025-жыл.** **Жениш айылы.**

**“Исхак-Полотхан” муниципалдык ишканасынын 2025-жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча бюджетин жана штаттык бирдигин бекитүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылыш кезектеги төртүнчү сессиясына сунушталган, муниципалдык ишкананын жетекчиси А.Абдырахмановдун билдирүүсүн угуп, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясынын чечимин талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Исхак-Полотхан” муниципалдык ишканасынын 2025-жылга карата финансылык чарбалык каражаттарынын кирешелер бөлүмү 3 581 800 (үч миллион беш жүз сексен бир миң сегиз жүз) сом өлчөмүндө №1 тиркемеге ылайык, чыгашалар бөлүгү 5 582 954 (беш миллион беш жүз сексен эки миң тогуз жүз элүү төрт миң) сом өлчөмүндө №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. “Исхак-Полотхан” муниципалдык ишкананын 15 жумушчу штаттык бирдиги бекитилсин (тиркеме тиркелет).

3. Токтомду аткарууга алуу жагы, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы А. Мамасалиевге милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык, ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы, айылдык кеңештин жооптуу катчысы А.Араповага милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Г.Матажиев**